**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: **minedukg@gmail.com**

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
**http://edu.gov.kg**

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 152/1 2020 жылдын «14» февралы

**Адистиктердин тизмесин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы №256 токтому менен бекитилген «Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жождоруна абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндө Жобого», Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2-июнундагы № 404-токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу үчүн мамлекеттик жалпы билим берүүчү гранттар жөнүндө Жобонун» негизинде,

**буйрук кылам:**

1. Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин:

– Жалпы республикалык тестирлөөдө милдеттүү түрдөгү кошумча сабактардан тесттер көрсөтүлгөн даярдоо багыттары менен адистиктердин тизмеси (тиркеме 1);

– жождор аркылуу өткөрүлүүчү, кошумча сыноону талап кылган адистиктер менен даярдоо багыттарынын тизмеси (тизмеси 2);

– абитуриенттерди окууга кабыл алууда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары керек болбогон даярдоо багыттары менен адистиктердин тизмеси (тиркеме 3);

2. Кыргыз Республикасынын жождорунун ректорлору:

– абитуриенттердин кошумча предметтер боюнча тест берүүсү керектигин маалымдоо боюнча иш-чараларды аткарышсын;

– тийиштүү даярдоо багыттары менен адистиктерге абитуриенттерди кабыл алууда бул буйрук жетекчиликке алынсын.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө кесиптик билим берүү Башкармалыгына (Г. М. Абылкасымовага) жүктөлсүн.